Кыргл
2018-17

ш

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАЖИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кеңеши

*Кол жазма укугунда*
УДК. 338.439(575.2)(043.3)

**Момунов Уметбек Насирдинович**

# ИНТЕГРАЦИЯНЫН ТЕРЕҢДЕШИ ШАРТЫНДА АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН МЕХАНИЗМДЕРИ
(КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАТЕРИАЛДАРЫНДА)

Адистиги 08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу
(АӨК экономикасы)

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

# АВТОРЕФЕРАТЫ

Ош – 2017

Диссертациялык иш М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин «Экономика жана бизнес» кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | экономика илимдеринин доктору, профессор **Джаилов Джумабек Сатаевич.** |
| **Расмий оппоненттер:** | экономика илимдеринин доктору, профессор **Ишенов Бейшенбек Чонмурунович.** |
| | экономика илимдеринин кандидаты **Абылов Рысбек Абдикаримович.** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Б.Ельцин атындагы Кыргыз -Россия Славян университети «Улуттук экономика жана регионду өнүктүрүү» кафедрасы, Бишкек шаары, Киев көчөсү 44 |

Диссертациялык иш 2017-жылдын 30-ноябрында саат 14-00дө 30-аудиторияда Жалал-Абад эл аралык университетинин, Ош мамлекеттик университетинн жана Тажик улуттук университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кенешинде корголот. Дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Женижок көчөсү, 30.

Диссертация менен Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: Жалал-Абад шаары, Женижок көчөсү, 30.

Автореферат 2017-жылдын 30-октябрында таркатылды.

**К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кенешинин окумуштуу катчысы, э.и.к.:** **Маткеримова А.М.**

## ИШКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Ааламдашуу жана интеграциялык процесстердин шартында күчөгөн көйгөйлөрдүн бири катары азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу эсептелет жана аны чечүү өзүнчө мамлекеттердин улуттук чегинен чыгып каралат. Көз карандысыздык шартында Кыргыз Республикасынын калкын азык-түлүк продукты лары менен камсыз кылууга өзгөчө маани берилген жана бул көйгөйдү чечүү улуттук коопсуздукту камсыз кылуу контекстинде каралган. Ошондой эле улуттук экономиканын түзүмүндө агрардык сектор приоритеттүү орунду ээлегендигине карабастан, тармактагы радикалдуу реформаларды иш жүзүнө ашыруу боюнча кабыл алынган иш чаралар чечилбеген бойдон калууда, алар күчөп баратат. Ички рыноктун азык түлүк рыногунда импорттук көз карандылык өсүп жатат.

Азыркы учурда Кыргызстанда негизги продуктыларды колдонуунун орточо деңгээли ЕАЭБ дин алдынкы өлкөлөрүнө караганда бир кыйла төмөн, о.э. медицина тарабынан орнотулган сунуштаама боюнча керектөөнүн рационалдуу нормасынын деңгээлинен калып жатат. Андан сырткары негизги продыктылар менен камсыз болуу түзүмүндө импорттун үлүшү өсүп жатат, азык-түлүктүн (кант, нан жана нан продыктылары, өсүмдүк майы) кээ бир түрлөрү боюнча аны керектөө деңгээли азык-түлүк коопсуздугунун чектик маанисинен ашып түштү. Республикада азык түлүк менен камсыз болуу региондук бөлүктө татталдашып жатат.

Азык-түлүк рыногунун өскөн импорттук көз карандылыгы агроазык-түлүк секторунун өзүнчө тармактарынын төмөндөшү жана начар өнүгүүсүнүн кесепетинен келип чыкты. Өз учурунда республикада азык-түлүктүн социалдык-маанилүү түрлөрүн өндүрүүнүн кыскаруусу тааталдашкан аларды өндүрүүнүн майда дыйкан жана төмөнкү товардык формасы менен шартталган, алардын төмөнкү натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт. Тааталдашкан абал о.э. көпчүлүк учурда агроазык-түлүк секторун жөнгө салуу жана колдоо боюнча максатту багытталган жана натыйжалуу мамлекетик агрардык саясаттын жоктугу менен шартталган.

Азык-түлүк көйгөйүн чечүү калктын азык-түлүк продыктыларына болгон талапты илимий негиздүү божомолдоону, азык-түлүк товарларын өндүрүүчү экономиканын секторлорунун өндүрүштүк потенциалын натыйжалуу колдонууну, о.э. аларды керектөөчүлөргө азыраак жоготуулар менен жеткирүүнү талап кылат. Ушуну менен бирге булардын баары рыноктук мамилелелердин таасири менен жүргүзүлөт. Бул өндүрүүчүнүн эркиндиги, керектөөчүнүн эркиндиги жана азык-түлүк продыктыларына болгон баа түзүлүүсү, о.э. тиешелүү товарларга талап жана сунушту салыштыруу жана атаандаштык үстөмдүк кылат дегенди түшүндүрөт.

Ошол эле учурда практика көрсөткөндөй, өзүнчө ар бир мамлекет толугу менен азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн чече албайт жана аны чечүүдө заманбап шарттарда интеграциялык процесстерди өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бөлүнөт. ЕБ өлкөлөрүнүн тажрыйбасы жетиштүү ишенердик кылып көрсөткөндөй, евроинтегрциянын ийгиликтүү жыйынтыктарынын бири болуп

макулдашылган жамааттык азык-түлүк коопсуздугун касыз кылуу көйгөйүн чечүү болду. Азык-түлүк коопсуздугун камыз кылуу көйгөйүн чечүүнүн механизми болуп ЕБ өлкөлөрүнүн агро азык-түлүк секторун өнүктүрүүнүн актуалдуу көйгөйүн биргелешип чечүү, бирдиктүү агро азык-түлүк саясаттын балансталган өнүгүүсүн жүргүзүү, агросекторду жөнгө салуу жана колдоо болду.

Ушуну менен бирге заманбап этапта Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугунун көйгөйү ассортимент, сапат жана калктын үлүшүнүн жетишерлик көлөмү боюнча азык түлүктү жетишерлик эмес керектөө курч көйгөй бойдон калууда. Мындан сырткары, теоретикалык жана методологиялык аспекте, о.э. практикада азык түлүк продыктыларын керектөөнүн моралдык-этикалык, медициналык жана маданий аспекттерине аз көңүл бурулууда. Азык түлүк кризиси азык түлүктүн жетишпестиги же калктын төмөнкү төлөм жөндөмдүүлүгү менен коштолбостон, о.э. керектөөдө ашыкча жоготууларга, кээ бир үй-бүлөөлөрдө кабыл алынган коомдук моралга карабастан ашыкча чыгымдоого жол берилүүдө.

ЕАЭБдин алкагында интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугунун көйгөйү агро өнөр жай өндүрүшүнө азык-түлүк продыктыларын ташуу жана керектөөгө бир канча бирдиктүү талаптарды киргизүү менен байланышкан жаны мүнөзгө ээ болуп жатат.

Ошондой болсо да азык-түлүк коопсуздугунун жогоруда көрсөтүлгөн жана башка аспекттери интеграциялык байланыштардын теоретикалык изилдөөлөрүндө жана практикада аз чагылдырылган жана изилдөөнүн темасын тандоого түрткү берди.

**Диссертациялык теманын илимий программалар менен байланышы.** Диссертацилык илимий изилдөө Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугу боюнча региондук программалар, о.э. Ош технологиялык университетинин «Экономика жана бизнес» кафедрасынын илимий-изилдөө тематикасынын планынын алкагында жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Изилдөөнүн максаты** болуп Кыргыз Республиканын ЕАЭБ жана башка өлкөлөр менен интеграциянын тереңдеши шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу механизмдерин иштеп чыгуу саналат. Бул максатты ишке ашырууда төмөндөгү **маселелерди** чечүү керек:

-евразиялык интеграция контекстинде улуттук азык-түлүк коопсуздугунун концептуалдуу жолдорун иштеп чыгуу;

-азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун принциптерин жана механизмдерин түзүү;

-интеграциялык калыптандыруу шартында аны Кыргызстандын шартына колдонуу максатында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун чет өлкөлүк тажрыйбасын изилдөө;

-экономикалык интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн жана өнүгүү тенденциясын анализдөө;

-улуттук азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун стратегиялык жолдорун сунуштоо;



-агро азык-түлүк продукциясынын балансталган импорту жана экспортуна жетүү үчүн импорттук алмаштырууну жакшыртуу жолдорун сунуштоо;

-азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салуу жана моделдештирүүнү өркүндөтүү жолдорун белгилөө.

**Изилдөөнүн предмети** болуп интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун экономикалык механизмдери саналат.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп интеграциялык байланыштардын тереңдеши шартында Кыргызстан жана ЕАЭБ өлкөлөрунун агроазык-түлүк секторунун өнүгүүсү жана азык-түлүк коопсуздугунун деңгээлинин абалы эсептелет

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде илимий иштин жаңылыгын аныктоочу төмөндөгүдөй жыйынтыктар алынды:

-республиканын чет өлкөлөр, анын ичинде ЕАЭБөлкөлөрү менен интеграциянын шартында азык-түлүк коопсуздугун чечүүнүн концептуалдык жолдору теориялык жактан негизделди;

-өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун принциптери жана механизмдерине тактоолор киргизилди;

- азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун практикасын байытуу максатында чет өлкөлүк тажрыйбалар изилденди жана аны Кыргыз Республикасынын шартында колдонуу жолдору көрсөтүлдү;

- Кыргызстандын жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн агро азык-түлүк секторунун өнүгүшү жана азык-түлүк коопсуздугунун деңгээлине комплекстүү баа жүргүзүлдү, азык-түлүк коопсуздугу маселелерин чечүүнүн мүнөздүү тобокелдери жана багыттары аныкталды;

-азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун стратегиялык жолдору аныкталды;

- евразиялык интеграциянын өнүгүүсү шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун мамлекеттик жөнгө салуунун механизмдерин өркүндөтүү жана моделдештирүү боюнча сунуштар иштелип чыкты.

**Илимий изилдөөнүн практикалык мааниси**. Диссертациялык иште интеграциялык байланыштардын өнүгүүсүнүн шартында өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу маселесин натыйжалуу чечүүгө дуушар кылган теоретикалык жана практикалык сунуштар негизделди. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында өзүнчө сунуштар азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун региондук прграммаларын түзүүдө колдонууну тапты. Изилдөөнүн жыйынтыгы КРнын айыл чарба жана мелиорация министрлиги тарабынан ЕАЭБдин толук кандуу иштөөсүнүн шартына улуттук экономиканын адаптациясынын өткөөл мөөнөтүнүн шартында агро азык-түлүк секторунун өнүгүүсүнүн стратегиясын түзүүдө жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн экономикалык мааниси.** Интеграция шартында өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун илимий жолдору кеңейтилди, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн агро азык-түлүк секторунун өнүгүшү жана азык-түлүк коопсуздугунун деңгээлин, потенциалдуу тобокелдерди, коркунучтарды жана агрардык сектордун интеграциясында көрсөтүлгөн маселелерди чечүү үчүн оң аспекттерин баалоо жүргүзүлдү. Алынган илимий-практикалык жыйынтыктар

АОК адистерин окутуу жана квалификациясын жогорулатууда, о.э. мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун программасын түзүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого алып чыгылуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1.Интеграциялык процесстердин өнүгүү шартында азык-түлүк коопсуздугу азык-түлүк жана тамак-аш продуктыларынын коопсуздугун өзүн камсыз кылуу деңгээлин жогорулатууда жалпы кабыл алынган позицияда гана эмес, о.э. интеграциялык калыптануунун ар бир катышуучуларынын бирдиктүү азык-түлүк рыногунда туруктуулукту жана тең салмактуулукту колдоодо, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн калкын азык-түлүк менен толук масштабдуу жана туруктуу камсыз кылуу көз карашы боюнча каралат.

2.Чет өлкөлүк тажрыйба интеграциялык калыптануунун бирдиктүү азык-түлүк рыногун калыптандыруудан азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу ишинде, тамак-аш продуктыларын керектөөнүн бирдиктүү стандарттарын жана агро азык-түлүк секторунун интеграциялык калыптанууда атаандаштык жөндөмдүүлүктө өнүгүүсүн мамлекеттик жөнгө салуу жана колдоо механизмдерин көз көрүнөө иллюстрациялайт.

3.Кыргызстан жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн агро азык-түлүк рыногунун өнүгүүсүнүн комплекстүү жүргүзүлгөн анализи бул тармакта атаандаштык жөндөмдүүлүктүн импорттук көз карандылыктын өсүшү, азык-түлүк менен камсыз кылуу деңгээли, о.э. ЕАЭБ дин алкагында тамак-аш продуктылары менен калкты балансталган камсыз кылуу маселесин натыйжалуу чечүү үчүн тыгыз интеграциянын эсебинен потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү менен байланышкан төмөндөө тобокелин аныктады.

4.ЕАЭБдин алкагында өлкөнүн агро азык-түлүк секторунун приоритеттүү тармактарын өнүктүрүүнүн жардамында импорттук алмашуу саясатын өнүктүрүүнүн негизинде жана агро секторду мамлекеттик жөнгө салуу жана колдоо механизмдерин өркүндөтүү боюнча макулдашылган балансталган саясатты жүргүзүү менен Кыргызстандын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун концепциясынын негизги жоболору иштелип чыкты.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Интеграция шартында Кыргызстандын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун теоретикалык жана практикалык аспекттери жалпыланды жана такталды. Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун жана агро азык-түлүк секторунун өнүгүүсүнүн иштелип чыккан концепциясынын негизинде азык-түлүк продукциясынын өз ара пайдалуу импорттук алмашуунун өнүгүүсүнүн, интеграция шартында тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун багыттары негизделди.

**Изилдөөнүн жыйынтыгын апробациялоо.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары, иштелип чыккан сунуштар жана көрсөтмөлөр өлкөнүн агро азык-түлүк комплексин өнүктүрүү боюнча эл аралык жана республикалык конференцияларда жана симпозиумдарда, республикалык кеңешмелерде (Эл аралык илимий-практикалык конференция "Интеграциялык процесстердин өнүгүүсү шартында АОКтун көйгөйлөрү", Казакстан, Алматы 2014-ж; Эл аралык илимий-практикалык конференция "Көп полярдуу дүйнөдө



экономиканын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү жана жогорулатуу көйгөйлөрү, Бишкек, 2016-ж ж.б.) баяндалды.

**Диссертациянын жалпы жыйынтыгына тиешелүү чыгарылган эмгектери.** Диссертациянын темасы боюнча жалпы көлөмү 5,3 б.т түзгөн 13 илимий макала жарык көргөн, анын ичинен 5 макала-РИНЦке кирген чет өлкөлүк басылмаларда, 5 макала- КРнын ЖАК сунуш кылган РИНЦ басылмаларында, 4 макала КРнын рецензияланган журналдарында.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган илимий адабияттардын тизмегинен турат. Диссертациялык жумуш компьютердик текст менен жазылган 183 беттен туруп, 20 таблицаны, 6 сүрөттү жана 127 колдонулган адабияттардын тизмесин камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ


**Киришүүдө** изилденген теманын актуалдуулугу, теориялык жана практикалык мааниси негизделип, изилденген проблеманын иштелип чыгуу деңгээлинин абалына мүнөздөмө берилген, изилдөөнүн предмети жана объектиси аныкталган, изилдөөнүн максаты жана милдеттери көрсөтүлгөн, изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери көрсөтүлгөн, изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси ачылып берилген.

Изилдөөнүн биринчи бөлүмү **"Интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун теоретикалык негидери"** деп аталып, анда евразиялык интеграция контекстинде улуттук азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун концептуалдык жолдору; интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун принциптери жана механизмдери; интеграциялык калыптануу шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун чет өлкөлүк практикасы каралды.

Белгилеп кетчу нерсе, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу- бул бир жолку иш чара эмес, өлкөнүн ичинде, анын четинде жүргөн калктын өнүгүүсү, о.э кайра өндүрүү процессине ылайык өткөн, учурдагы жана келечектеги мөөнөттөрдү камтуучу үзгүлтүксүз процесс. Мындан азык-түлүк көйгөйүн камыз кылуу- бул бир гана ички мүнөздүү эмес, о.э. сырткы байланышты камтыйт.

Бул айтылгандар экономиканы жалпы ааламдашуу жана экономикалык байланыштардын терең эл аралык интеграциясы шартында актуалдуу болуп саналат. Азыркы учурда бир дагы өлкө бөлүнгөн түрдө болбойт, башка өлкөлөр менен жана биринчи кезекте географиялык жакын мейкиндикте көптөгөн эриш аркак түрүндө байланышкан.

Биздин көз караш боюнча, азык-түлүк көйгөйүн чечүү менен байланышкан бир канча түшүнүктөрдү айырмалаш керек. Буга байланыштуу, биздин оюбуз боюнча бири бири менен тыгыз байланышкан үч деңгээлдеги көйгөйдү караш керек. (1-сүрөт)




**1-сүрөт-Азык-түлүк коопсуздугун чечүү модели**

*Булак: автор түзгөн.*



Көрсөтүлгөн схемада көрүнүп тургандай, борбордук орунду азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн чечүү ойнойт, өз убагында жана сапаттуу азык түлүк менен адамдарды гармондуу өнүгүү жана алардын конкреттүү тарыхый убакта жана конкреттүү жерде төлөө жөндөмдүүлүктөгү талап менен камсыз кылууга алып келет. Бул жерде азык-түлүктү натуралдык-мүлктүк камсыз кылуу менен бирге, калктын сатып алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган финансылык көйгөй дагы чоң мааниге ээ. Бул маселе үй-бүлөөлөрдүн кирешесинин негизинде чечилет, алардын бөлүгү азык-түлүк товарларын сатып алууга жумшалат.

Азык-түлүк көйгөйүн чечүү маселеси азык-түлүктүн натуралдык-мүлктүк түзүүчүсүн камсыз кылуу менен гана чектелбейт, о.э. туура келген сатып алуу мүмкүнчүлүгү, о.э. бул маселе тамак-аш продуктыларын натыйжалуу керектөөнү уюштурууну жөндөйт да керектөө маданиятынын жетишилген деңгээлинен, адамдардын ден-соолукта жашоо образын элестетүү, салттардан, үрп-адаттардан ж.б. көз каранды.

Азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн чечүүдө өлкөнүн ичинде, о.э анын четинде азык-түлүк көйгөйүн чечүүгө аракетенишкен ар түрдүү катышуучулардын ортосундагы интеграциялык процесстер чоң мааниге ээ. Бул багытта глобалдык процесстердин, бирикме жана коомдорго биригишкен өлкөлөрдүн, о.э. республиканын ичиндеги ар түрдүү деңгээлдердин жана өндүрүштүн түрлөрүнүн байланыштарынын активдүү ролун байкасак болот. Бул айтылган белгилер боюнча КР БДСУ, ЕАЭБ ге мүчө болуп саналат.

Интеграциялык процесстерге, анын ичинде азык-түлүк коопсуздугу областында артыкча маани берүү менен ар бир өлкө потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнөн көз каранды атаандаштык артыкчылыкты түзүүгө аракет кылышат, мисалы, ЕАЭБдин эң жаш мүчөсү болгон жана интеграциялык процесстин көптөгөн позициялары боюнча толук кандуу мүчө боло элек Кыргызстан үчүн жана Кыргызстанга тиешелүү атаандаштык артыкчылыкты тең шарттарда өнүктүрүү өтө маанилүү болуп саналат.Мисалы, бул башка өлкөлөрдө кездешпеген, экологиялык таза азык-түлүк продуктыларын өндүрүү (мисалы, өрүк, жаңгак, тоо балы ж.б.) ошону менен эл аралык, анын ичинде ЕАЭБдин алкагында рынокту ээлеп алуу.

Аны менен бирге азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда интеграциялык процесстердин маанилүүлүгүн белгилеп кетсек болот, тактап айтканда евразиялык экономикалык мейкиндикте интеграциялык байланыштардын терендешинин заманбап шарттарында бирдиктүү агрардык саясаттын стратегиялык багыттары бул калыптануунун ар бир мүчө өлкөлөрүнүн алдында турган максат жана маселелери менен аныкталат. Бул импорттук алмаштыруунун өнүгүүсүнүн негизинде жамааттык азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу, баа түзүмү системасын жана азык-түлүктү сатып алууну өркүндөтүү, айыл-чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн кирешелүүлүгүн жогорулатуу, айылдык товар өндүрүүчүлөрдү мамлекеттик жөнгө салуу жана мамлекеттик колдоо механизмдерин өркүндөтүү.

Белгилеп кетчу нерсе, азык-тулук коопсуздугун камсыз кылуу белгилуу принуиптер менен тузулот жана анда ар турдуу инструментарийлер жана механизмдер колдонулат.

Биздин көз караш боюнча, маанилүү принциптердин катарына азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн мамлекеттик жөнгө салуу эки кырдаал боюнча кирет. Биринчиден, агрардык өндүрүш көпчүлүк өлкөлөрдө мамлекеттик колдоого дотациялык жактан муктаж, экинчиден, ушул эле сектор адамдардын азык-түлүктү керектөөсүндө турмуштук зарылчылыкты камсыз кылган зарыл чөйрөгө кирет. Эки учур мамлекеттик кийлигишүүнү талап кылат жана комплекстүү азык-түлүк көйгөйүн чечүүдө рыноктук механизмге ишенүү өзүн актабайт. Мындан сырткары, агрардык потенциалдын жер үстүндөгү, жер ресурстарынын көпчүлүк бөлүгү мамлекеттин менчиги болуп саналат.

ЕАЭБдин алкагында чарбалык механизмди өркүндөтүүнүн маанилүү багыттарына айыл-чарба товар өндүрүүчүлөрдүн насыялоо чөйрөсүндө кызматташтыгы эсептелет.Бул көйгөйдү АОКтун өнүгүүсүнүн институту катары ЕАЭБ өлкөлөрүнүн айыл чарбасын насыялоо чөйрөсүндө профилдик банктарды түзүү же колдонуу аркылуу чечүүгө болот ( АОКтун приоритеттүү тармактарын өнүктүрүү үчүн атайын төмөн пайыздык ставка менен ири инвестициялык кредиттерди берүү)

Бирдиктүү агрардык саясатты түзүү жана жамааттык азык-түлүк коопсуздугуна жетүү жалпы агрардык рынок чөйрөсүндө макулдашылган позицияларды иштеп чыгуусуз мүмкүн эмес:

-рыноктордо азык-түлүк баланстарын түзүү жана башка уюштуруучулук-экономикалык механизмдерди кабыл алуунун негизинде өлкөлөр аралык актабаган атаандашууну кыскартуу;

- агрардык продукциянын ички жана сырткы рыноктарго жылуусу үчүн жалпы товардык түзүүчү системаны калыптандыруу (жалпы чыгымдарды кыскартуу);

-биринчи кезекте айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн экономикалык кызыкчылыгын жогорулатуу үчүн экспорттук кыймылдарды координациялоо.

Интеграциянын абалы жана өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлордун башка группасына сырткы факторлор кирет. Алардын арасынан ар бир өлкөнүн үчүнчү мамлекеттер менен же алардын бирикмелери менен, же эл аралык экономикалык жана финансылык институттар менен мамилеси болуп карасак болот. ЕАЭБдин кээ бир өлкөлөрүнө карата батыш өлкөлөрүнүн киргизген экономикалык санкцияларына шартталган түзүмдүк кризистин кесепетин дагы эске албай кетсек болбойт.

ЕАЭБ дин агрардык рыногунда интеграцияны өнүктүрүүнүн өтө маанилүү принциптери болуп азык-түлүк балансын түзүү жана ишке ашыруунун негизинде өз ара кызыкчылыктардын эсеби эсептелет. Бирдиктүү азык-түлүк балансын түзүү ЕАЭБ өлкөлөрү тарабынан ички интеграциялык калыптанууга аны жөнөтүүнүн квоталоосунун негизинде азык-түлүк продуктыларын өндүрүү жана керектөөнү жөнгө салуу максатын көздөйт.

Сырткы экономикалык ишмердүүлүктө айыл-чарба продукциясынын , сырье жана азык-түлүк рыногунда интеграция механизми ЕАЭБдин алкагында



көпчүлүк учурда макулдашуучулук менен аныкталат. Ал интеграцияга кирбеген өлкөлөрдөн келген продукцияны импорттук алмаштыруу, о.э. азык-түлүк товарларын сырткы рынокторго экспорттоодо оз ара аракеттенүүнүн ар түрдүү формаларын колдонууга багытталган.

Азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн чечүүдө бул көйгөй ийгиликтүү чечилген чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын эске алуу жана аны (тажрыйбаны) Кыргызстандын шартына дал келтирүү зор мааниге ээ.

Биздин көз караш боюнча, Бидиктүү агроөнөр жай саясатын (БАС) түзүү боюнча ЕБ га кирген өлкөлөрдүн тажрыйбасы, ЕБнын борбордук институционалдык ядросу катары көңүл бурууга арзыйт. Бул биринчи кезекте өлкөнүн эмгек өндүрүмдүүлүгүн көбөйтүү, айыл калкынын жашоосунун адилеттүү стандарттарына кепилдик берүү, азык-түлүк рынокторун турукташтыруу, азык-түлүк продуктылары менен керектоочүлөрдү алгылыктуу баада камсыз кылуунун эсебинен азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга умтулуу менен мажбур кылат.

ЕБнын тажрыйбасы дагы экономикалык өнүгүү көйгөйүн жамааттык чечүү мүмкүнчүлүгүнүн пайда болуусу, анын ичинде азык-түлүк коопсуздугуна тиешелүү себептер менен колдонууга болот. БАСтын мааниси ЕБнын алкагында макулдашылган жана жаматтык максатка багытталган иш-чараларды иштеп чыгуу жана иш жүзүнө ашыруу менен байланышып, айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн өсүүсүнүн динамикалык темпине жана бардык тараптан азык-түлүк рыногунда туруктуулукту колдоого жетүүнүн негизинде жүргүзүлөт.

ЕБ нын тажрыйбасы ЕАЭБ үчүн дагы белгилүү бир кызыгууну жаратат, бирок ЕБ жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн бирикмелеринин ар түрдүү өнүгүүсүнүн деңгээлин байкасак болот. ЕБ бир канча маанилүү маселелер боюнча экономикалык чечимдерди кабыл алуунун бардык өлкөлөр үчүн милдеттүү уюштуруучулук формаларынын бирдиктүүлүгү менен айырмаланат. Европарламенттин болуусу менен, бирдиктүү акчалай бирдик “Евро” колдонулат. Шенгендик макулдашууга ылайык ЕБ өлкөлөрүнүн жарандарынын бир өлкөдөн экинчисине эркин өтүүсү бар, андан сырткары ЕБнын экономикалык ишмердүүлүгүнүн көптөгөн аспекттери боюнча бирдиктүү нормативдик-укуктук жоболор иштейт.

Евразиялык бирикме азырынча көп позициялар боюнча декларативдик режимде иштейт. Баштагыдай ар бир өлкөнүн кызыкчылыгы ЕАЭБдин кызыкчылыгын үстөмдүк кылат да, бардык өлкөнүн кызыкчылыктарына тиешелүү маселелерди чечүүнүн бириккендиги күмөн жаратат. Мындан сырткары, ЕАЭБге кирүүчү өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын бириктирүү үчүн саясий жана экономикалык иш-чараларды иштеп чыгуу боюнча көптөгөн иштер жана аз эмес убакыт жана көптөгөн финансылык каражаттар талап кылынат.

Жогоруда айтылгандан улам, Кыргызстан үчүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу областы боюнча жыйынтыктарга жетишкен кээ бир чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын колдонуу күмөнсүз кызыгууну жаратат. Буга байланыштуу, Израилдин тажрыйбасын айта турган болсок, аларда калктын

жашоо узактыгы, өзгөчө эркектерде 80 жаштан жогору жана Япониянын деңгээлине жакындап жатат. Израилтяниндердин өздөрүнүн түшүндүрүшкөнүнө караганда, бул негизинен тамактанууну туура уюштуруу, аялдардын жашоо ишмердүүлүгүндө витаминдердин жана энергетикалык баалуулуктарынын балансталган курамынын эсебинен жүрүп жатат.

1,3 млрд. калкы бар КЭРдин тажрыйбасы дагы кызыгууну жаратат, себеби бул өлкөдө азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу менен бирге азык-түлүк продуктыларын чоң масштабда экспорттошот.

Изилдөөнүн экинчи бөлүмүндө **Экономикалык интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугунун өнүгүү тенденциялары жана көйгөйлөрү"** каралуу менен Кыргыз Республикасынын агро азык-түлүк секторунун абалы; ЕАЭБ өлкөлөрүнүн экономикасынын интеграциясы шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун тенденциялары; Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугунун деңгээлинин индикаторлорун жана коркунучун баалоого арналган.

Азык-түлүк коопсуздугунун абалы биринчи кезекте экономиканын азык-түлүк секторундагы иштердин абалы, кененирээк, агрардык сектордо азыркы учурда анын кээ бир туруктуу абалы менен мүнөздөлөт, бирок азык-түлүк көйгөйүн чечүүгө мүмкүн болгон айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн стабилдүү өсүшү байкалбай жатат. Бул жөнүндө айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн динамикасы айгинелеп турат. (1-табл)

1-таблица-**Чарбалардын бадык категориялары боюнча айыл-чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү** (мин т.)

| **Продукция** | **2011 ж.** | **2012ж.** | **2013ж.** | **2014 ж** | **2015ж** | **2016ж.** | **2016 ж. 2011 ж. к-а, %** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан өсүмдүктөрү | 1485,0 | 1333,8 | 1700,9 | 1327,5 | 1723,1 | 1728,1 | 116,3 |
| Пахта | 101,3 | 84,7 | 68,6 | 69,0 | 44,1 | 52,1 | 51,4 |
| Тамеки | 9,9 | 7,4 | 6,5 | 4,4 | 1,3 | 0,5 | 5,0 |
| Картошка | 1379,2 | 1312,7 | 1332,0 | 1320,7 | 1416,4 | 1388,4 | 100,6 |
| Кант кызылчасы | 158,8 | 102,0 | 195,4 | 173,6 | 183,2 | 705,2 | 445,7 |
| Жашылчалар | 820,9 | 865,9 | 881,5 | 919,7 | 1052,1 | 1069,3 | 130,2 |
| Эт (союлган салмакта) | 191,6 | 192,3 | 193,2 | 204,1 | 205,4 | 212,4 | 107,2 |
| Чийки сүт | 1358,1 | 1382,4 | 1408,2 | 1445,5 | 1481,1 | 1524,6 | 110,8 |
| Жүн (физикалык салмакта) | 11,1 | 11,3 | 11,3 | 11,8 | 12,0 | 12,4 | 111,7 |
| Жумуртка, млн. даана | 391,0 | 418,0 | 422,3 | 445,8 | 432,9 | 469,7 | 120,1 |

Булак:Кыргызстан цифраларда 2016: статсборник.-Бишкек:Улуттук статкомитет,2017-325с

Таблицадагы маалыматтар биздин республикада айыл чарбасы тарабынан продукцияны өндүрүү башка өлкөлөрдөй эле рыноктук мыйзамга баш ийет, ага ылайык талап сунушту аныктайт, тескерисинче эмес. Изилденген мөөнөттө качандыр бир кезде киреше алып келүүчү өсүмдүктөр деп аталган техникалык өсүмдүктөрдү (тамеки, пахта) өндүрүүнүн кыскаруусу байкалып турат. Ушул эле учурда продукциянын башка түрлөрүнө талаптын өсүүсү жана ага



тиешелүү өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү, анын ичинде айдоо аянттарынын түзүмдүк кайра түзүүнүн эсебинен байкалып турат.

Аны менен бирге КРнын ичинде, о.э. ЕАЭБдин алкагында айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн дүйнөлүк жана региондук рынокторго чыгуу кыйынчылыктары кездешет. Бул рыноктордо ар түрдүү ортомчулар үстөмдүк кылышат да, айыл чарба продукциясынын сатып алуу баасынын өсүүсүн колдоого алып барбайт, жыйынтыгында ички азык-түлүк рыногунда керектөөчүлүк талап төмөндөйт. Жалпысынан дүйнөлүк рыноктордо КМШ өлкөлөрүнүн продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү төмөндөйт. Бул тармактын агро азык-түлүк потенциалын үнөмсүз колдонуу, анын бир кыйла кыскаруусу, өзгөчө, тармактын материалдык-техникалык базасынын начарлашы менен шартталган.

Биздин республикада агрардык сектордун өнүгүүсүнүн ийгиликсиз тенденциялары, тилекке каршы айыл чарба ишмердүүлүгүн уюштуруудагы кемчиликтер менен коштолуп жатат жана аны оңдоого көп капиталдык салымдар талап кылынбайт. Көз карандысыздык жылдары жылдан жылга иштетилбеген айыл чарба жерлеринин аянты кеңейип жатат. Бул , мисалга, күйүүчү майлардын жетишпестиги, техниканын жүрүүгө болбой тургандыгы, жолдордун жоктугу ж.б. кирет.

Жогоруда айтылгандар калыктын башына азык-түлүк товарларын фактылык керектөө денгээлине таасирин тийгизет, ага ылайык Кыргызстан КМШ өлкөлөрүнөн бир канча артта калып жатат (2-табл.)

2-таблица. **1.01.2016-ж. карата КМШ өлкөлөрү боюнча азык-түлүктүн негизги түрлөрүн керектөө,** кг/ адам башына

| Өлкөлөр | Нан азыктары | Картошка | Жашылчалар | Эт | Сүт азыктары | Жумуртка, даана |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Азербайджан | 142 | 64 | 104 | 34 | 285 | 155 |
| Армения | 190 | 48 | 384 | 51 | 261 | 207 |
| Беларусь | 85 | 177 | 145 | 88 | 253 | 298 |
| Казахстан | 119 | 111 | 148 | 66 | 239 | 211 |
| Кыргызстан | 134 | 99 | 149 | 34 | 215 | 83 |
| Молдова | 108 | 108 | 86 | 46 | 166 | 165 |
| Россия | 118 | 111 | 111 | 74 | 244 | 269 |
| Украина | 109 | 141 | 163 | 54 | 223 | 310 |

*Булак: КМШ нын мамлекеттер аралык стат.комитети*

Постсоветтик мейкиндикте азык-түлүк менен өзүн камсыз кылуу көйгөйүн оптималдуу чечкен жападан-жалгыз мамлекет болуп Беларусь эсептелет. Беларусияда өлкөнүн калкын азык-түлүк продуктыларына болгон керектөөнү практикалык түрдө камсыз кылуу негизинен өздүк өндүрүштүн эсебинен камсыз болот.

Шексиз, азык-түлүк коопсуздугу көйгөйү биринчи кезекте ар бир өлкөдө АОКтун потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу колдонуунун эсебинен жеке чечилиши керек. КРда биздин анализ көрсөткөндөй, айыл чарбасына тиешелүү потенциалдык мүмкүнчүлүктөр толук кандуу иштетилбей жатат.

Муну айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү боюнча байкасак болот, себеби башка өлкөлөргө салыштырмалуу сапаттык жана сандык өлчөө боюнча калып жатат (3-табл.)

3-таблица.**Чарбалардын бардык категориялары боюнча айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү(га жыйналган аянттан ц)**

| Продукция | Өлчөө бирдиги | 2011ж. | 2012ж. | 2013ж. | 2014 ж. | 2015 ж. | 2016 ж. | 2016 ж. 2011 ж. к-а, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан | ц/га | 25,8 | 23,4 | 28,8 | 22,5 | 29,7 | 30,7 | 118,9 |
| Пахта | - | 27,2 | 27,4 | 29,3 | 29,6 | 30,9 | 31,4 | 115.4 |
| Тамеки | - | 24,2 | 21,8 | 21,0 | 21.9 | 23,5 | 24,5 | 101,2 |
| Картошка | - | 160,8 | 159,0 | 163,3 | 165,2 | 165,1 | 166,3 | 103,4 |
| Кант кызылчасы | - | 197,1 | 192,3 | 293,4 | 238,7 | 363,0 | 623,2 | 316,1 |
| Жашылчалар | - | 182,0 | 181,1 | 186,8 | 190,2 | 192,3 | 194,4 | 106,8 |
| Сүттү орточо саап алуу | кг | 2030 | 2023 | 2013 | 2009 | 1998 | 1978 | 97,4 |
| Жүндү орто кыркып алуу | - | 2,6 | 2,5 | 2,5 | 2,4 | 2,4 | 2,4 | 92,3 |
| Жумуртканы орточо алуу | даана | 122 | 119 | 113 | 120 | 113 | 113 | 92,6 |

*Булак: Кыргызстан цифраларда, улуттук стат.комитети, 2017ж.*

Көрсөтүлгөн маалыматтардын анализи көрсөткөндөй,биздин республикада негизги айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү анын өсүүсүнө карабастан, окшош продукциялар боюнча коңшу республикаларга караганда 10-20% ке калып жатат. Мисалы, айыл-чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү шарты боюнча Таджикистан жана Узбекистанда биздикине окшош.

Жаныбарлар жана үй канаттууларынын продуктуулугу боюнча дагы абал окшош, акыркы жылдары кыйшаюусуз төмөндөп жатат.

Азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн чечүүгө өндүрүштүн масштабы, республиканын географиялык жайгашуусу, экономиканын өнүгүү деңгээли ж.б. бир далай таасир этүүдө.

ЕАЭБдин ишмердүүлүгүнүн масштабы боюнча катышуучуларынын арасынан РФ айыл чарба продукцияларын ири өндүрүүчү жана керектөөчүсү катары көрүнүп турат, айыл-чарба продукцияларынын интеграциялык калыптануусунда анын үлүшү 78,0%, ал эми калктын саны боюнча-80,2 % ти түзөт (4-таблица)



4-таблица.**Айыл-чарба продукцияларын өндүрүү жана калктын саны боюнча ЕАЭБ өлкөлөрүнүн салыштырмалуу салмагы,** 2016-жылдын башына карата.

| Өлкөлөр | Айыл-чарба продукциясы, млрд.долл. АКШ | %, жалпыга карата | Калктын саны, млн.адам | %, жалпыга карата |
|---|---|---|---|---|
| Россия | 119,1 | 78,0 | 146,5 | 80,2 |
| Казахстан | 16,0 | 10,5 | 17,7 | 9,6 |
| Беларусь | 11,7 | 7,6 | 9,5 | 5,2 |
| Кыргызстан | 3,5 | 2,3 | 6,0 | 3,3 |
| Армения | 2,2 | 1,4 | 3,0 | 1,6 |
| **Жалпы ЕАЭБ** | **152,5** | **100,0** | **182,7** | **100,0** |

*Булак: КМШнын мамлекеттер аралык статистика комитети*

Экинчи орунда Казахстан – 10,5 жана 9,6 %, андан кийин – Беларусь – 7,6 жана 5,2%, Кыргызстан – 2,3 жана 3,3% жана Армения - 1,4 жана 1,6%. Жалпысынан биринчи үч өлкө ЕАЭБдин алкагында гана эмес, дүйнөлүк масштабта айыл-чарба продукцияларынын ири өндүрүүчүлөрү болуп саналышат.

Өндүрүштүн масштабы техниканын прогрессивдүү түрлөрүн колдонуу деңгээли, өндүрүштү уюштуруунун алдыңкы технологияларын кийирүүгө гана эмес, ошондой эле продуктыларды транспортировкалоо жана сактоо үчүн инфраструктуранын объекттерин, о.э. логистикалык борборлорду түзүү көйгөйлөрүн чечүүгө таасирин тийгизет. Ушул эле учурда көрсөтүлгөн көйгөйлөр ар бир чарбалык субъекттердин алкагында конкреттүү мүнөзгө ээ, о.э. өндүрүштүк ресурстар менен камсыз болуусу, анын ичинде бир эмгектенгендерден же чарбанын бирдигинен көз каранды

Тарыхый жактан, биздин өлкөдө постсоветтик доордо практикалык түрдө өзүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүктөгү продукциялар менен сырткы рынокко чыгууну айтбаганда, чарбалык ишмердүүлүктүн жогорку натыйжалуу формасын уюштура албай жатышат.

Мамлекеттин тааталдашкан агро азык-түлүк саясатын коорректировкалоодо азык-түлүк коопсуздугунун коркунучунун тиешелүү индикаторлорун анализдөөнүн негизинде аныктоо чоң мааниге ээ.

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун материалдык базасы катары айыл-чарба өндүрүшүнүн туруктуу өсүү темпин камсыз кылуу эсептелет. Бул өзгөчө өлкөнүн калкынын дайыма жогорку темпте өсүүсүнө жетүү шартында актуалдуу болуп саналат жана муну менен Кыргызстан ЕАЭБдин алкагында айырмаланып турат. Бирок азык-түлүк продуктыларынын физикалык жеткиликтүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрүн анализдөө көрсөткөндөй, биринчи кезекте айыл-чарба продукцияларын өндүрүү көлөмүнүн туруктуу өсүшүнүн жардамында камсыз болушу тармакта туруктуу эмес тааталдашкан өнүгүү тенденциясын айгинелеп турат.

Мындан сырткары, биздин анализ көрсөткөндөй, 2015-жылы бир эмгектенгендин эмгек орточо деңгээли 13483 сомду түзүп, жашоо минимумуна салыштырганда башка ЕАЭБ өлкөлөрүнө караганда төмөн бойдон калууда. Биздин республиканын бул көрсөткүч боюнча Казахстан жана Россиядан 2,3 эсеге артта калуусу ИДПнын калктын санына төмөнкө деңгээли менен дагы шартталган. Азык-түлүк секторунун материалдык техникалык базасынын төмөнкү деңгээлин дагы байкасак болот. Айыл-чарба өндүрүшүнүн начар техникалык камсыз болуусу айыл-чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүдө өндүрүштүк процесстердин төмөнкү деңгээлдеги механизацияланышына таасирин тийгизет жана жалпысынан механизациялоо деңгээли 15-20% ти түзөт.

Азык-түлүк коопсуздугунун деңгээлине сыртк‍ы экономикалык ишмердүүлүктүн абалы, тагыраагы азык-түлүк товарлары боюнча таасирин тийгизет. Акыркы 5 жылда азык-түлүктүн импорту абсолюттук көрсөткүч боюнча 1,5 эсеге экспортко караганда жогору. Мындай тенденция ата-мекендик ишкерлерди азык-түлүктүн товардык массасынын өсүшүндө, ата–мекендик керектөөчүлөр, о.э. экспортко жөнөтүү үчүн чектеп турат.

Азык-түлүк коопсуздугу боюнча коркунучту азык-түлүккө болгон баанын азык-түлүк продуктыларынын физикалык көлөмүнүн индексинин өсүүсү, азык-түлүк продыктыларынын индекси, о.э. калктын кирешесине салыштырганда ашып түшүүсү түзөт.

Изилденүүчү мөөнөттө азык-түлүктүн баасынын өсүү индекси калктын кирешесинин баасынын өсүү индексинен ашып өттү, калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн бир кыйла төмөндөөсү менен байланышкан. 2010-жылы баанын өсүү индекси калктын кирешесинин өсүү индекси 19 пунктка ашыкча болсо, 2015-жылы-13,2 пунктту түздү.

Азык-түлүк коопсуздугунун потенциалдуу коркунучу жөнүндө айта турган болсок, ал ар түрдүү факторлордон: импорттун экспорттон ашыкча болуусу, реалдуу кирешелердин деңгээли, жалпы чыгымдан азык-түлүккө болгон чыгымдык үлүшү ж.б. турат. (5-табл.)

5-таблица. **Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугунун коркунучунун потенциалы,** 2016-жылга карата.

| Индикаторлор | Чектик маани | Фактылык маани, 2016ж. | Айырма 2015ж. карата.,+,- |
|---|---|---|---|
| Айыл-чарба продукциясын өндүрүүнүн өсүү темпи, % | 105,0 кем эмес | 103,0 | -2,0 |
| Калктын реалдуу кирешесинин өсүү темпи, % | 110,0 кем эмес | 109,6 | -0,4 |
| Жалпы чыгымдан азык-түлүккө болгон чыгымдык үлүшү | 35,0 % көп эмес | 50,2 | +15,2 |
| Азык-түлүктүн энергетикалык баалуулугу, ккал | 3000 кем эмес | 2254 | -746 |
| Негизги капиталдагы инвестицияда айыл-чарбанын үлүшү | 10,0 көп эмес | 1,0 | -9.0 |
| Азык-түлүктүн импортунун салыштырмалуу салмагы, % | 20,0 көп эмес | 26,1 | -6,1 |

Булак: Нацстатком КР



5-таблицада көрүнүп тургандай. Азык-түлүк коопсуздугунун бардык индикаторлору боюнча терс маанини көрүп турабыз жана бул Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугунун потенциалдык коркунучунун өсүүсүн айгинелейт.

Изилдөөнүн үчүнчү бөлүмүндө **“Евразиялык интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун негизги багыттары жана механизмдери”** көрсөтүлүп интеграция шартында улуттук азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун стратегиясы; азык-түлүк коопсуздугун жогорулатуу жолунда агро азык-түлүк продукциясынын сыртгы соодасынын баланстальшын жана импорттук алмашытырууну жакшыртуу; агро азык-түлүк рыногун мамлекеттик жөнгө салуу жана моделдештирүү механизмдерин өркүндөтүү каралды.

Кыргыз Республикасы 2015-жылдан баштап ЕАЭБдин толук кандуу мүчөсү болуп саналат. Баарына малым болгондой, евразиялык экономикалык биримдиктин алкагында жогоруда айтылган өлкөлөрдүн интеграциясы өлкөлөрдүн стабилдүү жана атаандаштык жөндөмдүүлүктөгү социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзөт жана интеграциялык калыптануунун катышуучу-өлкөлөрүнүн салыштырма экономикалык артыкчылыктарын натыйжалуу колдонуунун перспективаларын ачат. ЕАЭБдин калыптануусунун 2015-жылы гана болгонуна карабастан анын өзүнчө катышуучулары улуттук экономиканын чыңдоодо, экономикалык реформаларды жүргүзүүдө. Бажы биримдигинин алкагында сода-экономикалык байланыштардын өз ара пайдалуу тартипке келтирүү жана тереңдетүүдө далай жылыштарга жетишишти.

Евразиялык экономикалык мейкиндикте интеграциянын өнүгүү процесси, ЕАЭБди түзүү жана өнүгүшү батыш өлкөлөрүнүн интеграциянын негизги катышуучусу-РФга каршы экономикалык жана саясий санкцияларды киргизиши менен дал келет. Бирок бул процесс евразиялык интеграция прцесстерин тездетүүдө жана тереңдетүүдү оң болуп чыгат жана ЕАЭБдин толук кандуу мүчөлөрү болуп Армения жана Кыргызстан эсептелишет. Интеграциялык байланыштардын өнүгүш албетте ЕАЭБдин алкагында социалдык-экономикалык өнүгүүнүн эң эле маанилүү улуттук көйгөйлөрүн чечүүнүн кээ бир жолдорун башкача түшүнүүгө мажбур кылат.

Интеграция шартында тигил же бул көйгөйдү чечүүдө жамааттык жоопкерчилик күчөйт, анын ичинде азык-түлүк коопсуздугу областы боюнча. Стратегиялык планда биздин көз караш боюнча жаматтык иш-аракеттер төмөнкү маселелерди чечүүгө багыталган: ЕАЭБ өлкөлөрүнүн агро өнөр жай өндүрүшүнүн ички потенциалынын эсебинен негизги азык-түлүк продуктыларын камсыз кылуунун зарыл деңгээлининин өз ара пайдалу алмашуунун негизинде камсыз кылуу; евразиялык азык-түлүк рыногунда абалды биргелешип жөнгө салуу үчүн азык-түлүк резервдерин түзүү; азык-түлүк секторун өнүктүрүгө биргелешип инвестициялоо жана экологиялык таза азык-түлүк фонддун өнүктүрүү; АОК ту модернизациялоо жана техника-технологиялык калып кетүүсүн жоюу максатында биргелешип инвестициялоо;

айылдык товар өндүрүүчүлөргө мамлекеттик колдоо көрсөтүү деңгээлинде айырмачылыктарды бирдиктүү фонддорду түзүүнүн эсебинен жок кылуу ж.б.

Жогоруда бардык саналып өткөн иш-чаралар акыр аягында Кыргызстандын азык-түлүк комплексинин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталышы керек, сырткы рынокко натыйжалуу алмашуу кыймылдарын жүргүзүү жана биринчи кезекте ЕАЭБ тарабынан интеграциялык байланыштардын алкагында жүргүзүлүшү зарыл.

Ошондуктан азык-түлүк секторунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун таасирдүү фактору болуп тармактын зоналык жана региондук адистешүүсүн өркүндөтүү саналат. Өлкөнүн азык-түлүк секторун реформалоонун жыйынтыгында тармактын региондук адистешүүсү бузулду, бардык региондордо шарттарды эске албастан дан өсүмдүктөрү эгилип жатат.

Бирок азыркы учурда өндүрүлгөн дан өсүмдүктөрүнүн көлөмүнүн өсүшүнө карабастан, тилекке каршы өлкөнүн калкын өздүк өндүрүштүн эсебинен нан жана нан азыктары менен камсыз кыла албайт. Ошол эле учурда тоют өсүмдүктөрүнүн эгүү аянтынын 2 эсеге кыскаруусуна карабастан, республикада реформага чейинки деңгээлге салыштырганда эт өндүрүү 1,5 эсеге азайган, ал үчүн практикалык түрдө ар бир региондо эң жагымдуу шарттар бар.

Диссертациялык иште региондордун адистешүүсүн эске алуу менен тигил же бул айыл-чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү жана тигил же бул продуктыны өндүрүү үчүн республиканын ар бир областынын региондук өзгөчөлүктөрү берилген. Ошондуктан региондун ичинде, о.э. аймактык алмашууда, кооперацияны жана интеграцияны эптүү жүргүзүүгө акцент кылынат жана республикадан сырткары кенири интеграцияны айгинелейт.

Дисертацияда өзгөчө көңүл айыл чарба ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу үчүн жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын жоопкерчилигин жогорулатууга көңүл бурулган. Азыркы учурда башкаруунун райондук органдары жана көп сандагы айыл өкмөттөрү мамлекеттик менчикте жайгашкан жер, суу жана башка ресурстарын натыйжалуу иштетүүнүн абалы үчүн эч кандай жопкерчиликти алышпайт. Булар жер ресурстардын көпчүлүк бөлүгүнүн жеке менчикте жайгашуусунун кесепетинен болду, ал эми чарбалык ишмердүүлүк көптөгөн дыйкан (фермердик) чарбанын жана ЖЖКЧнын алкагында иш жүзүнө ашат. Бул учурунда дыйкан жана фермерлердин ишкердикти жана өндүрүштүн натыйжалуулугун өстүрүүгө кызыгуусун жогорулатуу максатында болгон.

Чындыгында, күтүлгөн айыл чарбасынын натыйжалуулугу болбой калды. Тескерисинче, экономиканын индустриалдык агрардык сектору көптөгөн менчик ээлерине жер ресурстарын жана айыл чарба техникасын чачып жиберүүнүн кесепетинен, агрардык сектор айыл-чарба ишмердүүлүгүн примитивдүү жүргүзүүгө айланды.

Муну эске алуу менен 2016-жылдын 11-декабрында жүргүзүлгөн бүткүл элдик референдум республиканын негизги мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизди, ага ылайык жергиликтүү өзүн өзү башкаруунун башчылары түздөн түз республиканын Премьер министри тарабынан шайланат да, жетекчилердин



жоопкерчилигин жогорулатууга жана кадр саясатын стабилдештирүүгө алып келет.

Ошону менен бирге башкаруу принциби мамлекеттик менчикти натыйжалуу колдонуу жана аймактык экономиканын жыйынтыктуулугун жогорулатуу үчүн жоопкерчилик бекмделген эмес. Ошол үчүн биздин көз караш боюнча буга байланыштуу ар бир башкаруу звеносу конкреттүү экономикалык көрсөткүчтөр үчүн жана ар бир конкреттүү участокто жоопкерчиликти алыш үчүн бир канча мыйзам актылары кабыл алынышы керек.

Дагы бир түшүнүү бул айыл өкмөтүнүн чарбалык ишмердүүлүгүнүн жана мамлекеттик түзүлүштүн функцияларын бөлүштүрүү. Көз карандысыздыктын өткөн мезгили бул функциялардын биригүүсүнүн натыйжасыздыгын көрсөттү. Фактылык түрдө, айыл өкмөтү аймактын экономикасы үчүн жоопкерчиликти албайт, себеби аларда менчик экономикалык ишмердүүлүк деген түшүнүк жок болгон. Ошондой эле айыл өкмөтү фактылык түрдө кеңири менчикке ээ болуу менен мамлекеттин өкүлү катары экономикалык ишмердүүлүк менен алектенгенге укугу жок. Бул учурда кантип мамлекеттик жеке кызматташтык жана мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын экономикалык кызматташтыкты камсыз кылуусу жөнүндө сөз болушу мүмкүн.

Азык-түлүк коопсуздугун чечүүдө өзгөчө мааниге азык-түлүк товарларынын импорттук алмашуусу ээ, себеби акыркы жылдары Кыргызстан азык-түлүктүк камсыз кылууда импорттук көз каранды болууда, айыл-чарба өндүрүшүнүн туруктуу эмес өнүгүүсү көйгөйү менен байланышкан. Ички азык-түлүк рыногунда жылдан жылга импорттук дан, эт, кант, өсүмдүк майынын үлүшү өсүүдө. Ошол эле учурда Кыргызстан жетишээрлик агроэкспорттук потенциалга ээ, негизинен экономикалык биримдиктин өлкөлөрү менен чектелген жана ЕАЭБдин алкагында ийгиликтүү иш жүзүнө ашырууда анын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө болот. Азык-түлүктүн негизги экспорттук түрлөрүнө жашылчалар, картошка, сүт азыктары, о.э экологиялык таза эт кирет. Ошондой болсо да республикага импорттук продукция (дан, өсүмдүк майы-РФ, Казахстан, Беларусиядан, кант-Казахстан, өсүмдүк майы, эт-үчүнчү өлкөлөрдөн) ЕАЭБ өлкөлөрүнөн келип жатат

Азыркы учурда республикада дан өсүмдүктөрүн себүүнү кеңейтүү боюнча кабыл алынган иш чараларга карабастан, жогоруда айтылган азык-түлүк продуктыларын керектөө боюнча импорттук көз карандылык деңгээли 60,0% ти түзөт да, калкыты өздүк азык-түлүк менен камсыз кылуунун натыйжасыз жүргүзүлгөн курсун айгинелеп турат. Кыргызстандын шарты тоюттук дан өсүмдүктөрүн айдоого жагымдуу, бирок агрардык-жер реформаларынын баштапкы жылдарында коөнүл бурулган эмес

Мындан сырткары биздин көз караш боюнча дагы бир пробел болуп, республика негизинен айыл чарба сырьесун анын төмөнкү деңгээлдеги кайра иштетүүсү менен экспорттогону, ал эми тескерисинче пайдаланууга даяр тамак-аш продуктыларын импорттогону эсептелет.

Азык-түлүктүн импорттук алмашуу саясатынын негизги багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелиши керек:

-улуттук жана евразиялык агро азык-түлүк рыногунун керектөөсүн эске алуу менен айыл-чарба өндүрүшүнүн маанилүү тармактарын өнүктүрүү жана бул максатта ЕАЭБдин ар түрдүү фондорунун инвестициялык ресурстарын активдүү тартуу;

-Республикада өндүрүүгө жагымдуу шарты бар өздүк азык-түлүк продуктыларын өндүрүү менен импорттук азык-түлүктү алмаштыруу жана бул айыл чарбасынын салттуу тармактарын (эт-сут мал чарбачылыгы, кой чарбачылыгы, кант кызылча өндүрүшү) динамикалык өнүктүрүүнү камсыз кылууну талап кылат;

-агроэкспортук потенциалды, биринчи кезекте, айыл-чарба сырьесун терең кайра иштетүүнү уюштуруу жана акыркы продукцияны өндүрүү аркылуу күчөтү;

-агро азык-түлүк продукциясынын соодасы чөйрөсүндө балансталган сырткы-экономикалык ишмердүүлүктү жүргүзүү жана ЕАЭБ дин алкагында эмгектин эл аралык бөлүштүрүүнүн артыкчылыгын натыйжалуу колдонуу;

-айыл-чарба өндүрүшүн интенсификациялоо деңгээлин жогорулатуу жана тармакта өндүрүштүк ресурстарды натыйжалуу иштетүү, жалпысынан тармактын натыйжалуулугу жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү максатында чарба жүргүзүүнүн натыйжалуу формаларын өнүктүрүүгө багытталган агрардык өндүрүштө структуралык реформаларды жүргүзүү;

-агро азык-түлүк секторунда кооперациялык-интеграциялык байланыштарды өнүктүрүү, импорттук алмаштыруу корпоративдик түзүмдөрүн түзүү жана товар өндүрүүчү системаны жана АОКто логистиканы өркүндөтүү.

Азык-түлүк коопсуздугу натыйжалуу мамлекетик жөнгө салуунун шартында гана ийгиликтүү болушу мүмкүн.

Тилекке каршы, КРнын практикасы көрсөткөндөй, мамлекеттик колдоо көп учурда пайда алууга максаттуу багытталуудa комплекстүү анализсиз жүргүзүүлүдө. Мисалы, акыркы жылдары өкмөт жазгы талаа жумуштарына жеңилдетилген насыяларды берүү аркылуу айыл-чарба товар өндүрүүчүлөрүнө жардам берүүгө далаалат кылгандай болуп жатат. Бирок, жыл сайын насыяларга муктаж болгон учурда аны берүү кечеңдеп, жыйынтыгында женилдетилген насыялар өзүнүн максатына жетпей келүүдө. Мындан сырткары, сунуш кылынган насыялардын көлөмү бир канча жылга стратегиялык эсептелинген долбоорлорду иш жүзүнө ашырыш үчүн жетишпейт жана учурдагы максаттарга гана жана көпчүлүк учурда багытына чыгымдалбайт.

Мындан сырткары биздин республика Айыл чарба министрлиги, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын жетекчилигинде инвестирлоонун негизинде айыл-чарба ишмердүүлүгүн начар уюштурулушунан кредиттик ресурстарды натыйжалуу иштетүүгө жетише элеке. Кээ бир учурларда женилдетилген насыяларды айыл-чарба товар өндүрүүчүлөрү эмес, коммерциялык же башка айыл-чарбасы эмес чөйрөнүн өкүлдөрү колдонушат, керек болсо дыйкан жана фермерлер турак-жай сатып алуу, ар кандай тойлор ж.б. өткөрүш үчүн да иштетишет.



Бул айтылгандардын баары так долбоорлук иштеп чыгуулардын, өзүн актоонун критерийлерии боюнча конкурстук тандоонун жана башка көрсөткүчтөрдүн жоктугунан болуп жатат. Ошол эле учурда банктык ишмердүүлүктүн практикасында ашыкча бюрократиялык талаптар жана кагаз айлануусу кездешип, кредиттик ресурстарды алууга тосколдугуг тийгизүүдө, керек болсо аз суммада дагы. Ушул себептерден улам, биздин көз караш боюнча, республикада айл-чарба ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктуулугуна жетишүүнүн так, ачык айкын жана стимулдачуу тартибин тандаш керек. Жасалма ойлонуп табылган ойлордон реалдуу негиздеги ойлорго өтүп, турмушка киргизүү зарыл,ал эми банк кызматкерлерине долбоорлордун иш жүзүнө ашуусуна ишенүү ыкмаларын табуу керек.

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда маанилүү ролду жүргүзүлгөн мамлекеттик саясат ойнойт, азык-түлүктүн өндүрүүчүлөрү жана керектөөчүлөрүнүн жүрүм-турумунун рыноктук эрежелерин жөнгө салат. Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу системасында мамлекеттик жөнгө салуу алдынкы орунду ээлейт жана экономикалык субъекттердин чарбалык ишмердүүлүгүн багыттоо жана координациялоого чакырган малекеттин экономикалык жана агрардык стратегиясы менен аныкталат. Азык-түлүк чөйрөсүндө коопсуздуктун абалы өндүрүүчүлөрдү стимулдаштырууну аныктоочу мамлекеттик функцияларды иш жүзүнө ашыруу, керектөөчүлөрдү колдоо жана агро азык-түлүк секторун жана рынокту өнүктүрүүнү жөнгө салуунун белгилүү эрежелеринин жардамында камсыз болот.

Жогоруда айтылгандар менен бирге автор азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу көптөгөн өз ара байланышкан чөйрөлөрдүн учурдагы жана келечектүү ишмердүүлүгүнөн көз каранды болуп өндүрүш, товардын кыймылы жана керектөөдөн гана эмес, о.э. транспорттун ишинин тейлөөчү тармактарынын сапаттык жумуштары жана башка инфраструктура объекттери болгон: сактоо, сорттоо, таңылоо ж.б. дагы көз каранды деп эсептейт.

2016-жылы октябрда жалпы каражат маалыматтарында КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Материалдык резерв фондунун кампаларында дан, ун жана башка айыл чарба продуктыларын сактоонун технологиялык эрежелеринин одоно бузулуусу боюнча фактылар келтирилген. Жыйынтыгында сакталган продуктылардын коопчулук бөлүгү сактоо мөөнөтүн сактабагандыктан жараксыз болуп, бул продуктылардын түздөн түз жоготуусуна алып келди.

Мындан сырткары продуктыларды транспортировкалоодо, түшүм жыйноодо, о.э. сырьену кайра иштетүүдө өлчөмүн азайтуу зарылчылыгы бар, жалпысынан жүктөөнү уюштуруунун технологиясынан жана башка кыймылдардан көз каранды.

## Жыйынтыктар жана сунуштар

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылып, сунуштар даярдалды:

1.Интеграциялык процесстердин өнүгүү шартында азык-түлүк коопсуздугу азык-түлүк жана тамак-аш продуктыларынын коопсуздугун өзүн камсыз кылуу деңгээлин жогорулатууда жалпы кабыл алынган позицияда гана эмес, о.э. интеграциялык калыптануунун ар бир катышуучуларынын бирдиктүү азык-түлүк рыногунда туруктуулукту жана тең салмактуулукту колдоодо, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн калкын азык-түлүк менен толук масштабдуу жана туруктуу камсыз кылуу көз карашы боюнча каралат. Бул үчүн автор тарабынан концептуалдык жолдор иштелип чыккан.

2.Евразиялылк биримдиктин жаңы калыптануусун теоретикалык анализдөөнүн негизинде автор тарабынан өзүнчө өлкөлөрдүн гана эмес, о.э. Евразиялык биримдигинин мейкиндигин камтыган азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун принциптери жана механизмдери такталды жана толукталды.

3. Эл аралык интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугун чечүү көйгөйү чет өлкөлүк, өзгөчө экономикалык бирикмелерде жайгашкан өлкөлөрдүн колдонуусун көздөйт. Иште Кыргыз Республикасынын шарты үчүн чет өлкөлүк тажрыйбаны колдонуу мүмкүнчүлүктөрү каралды.

4. Республиканын азык-түлүк коопсуздугунун азыркы абалын анализдөөнүн жыйынтыгында, республиканын айыл чарбасы стабилдүү эмес өнүгүп жаткандыгы жана жана туруксуздугу, ички азык-түлүк рынокторунда импорттук көз карандылыктын өсүшү менен мүнөздөлүшү аныкталды. Мындан сырткары, улуттук экономиканын түзүмүндө айыл чарба сектору өнүгүп жаткан салттуу түрдөгү агрардык өлкөлөрдө айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүү темпи бир далай төмөн (Кыргызстан, Таджикистан, Молдова), азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн курчутуп жатат. Азык-түлүк менен өзүн камсыз кылуу маселелери чечилген өлкөлөрдө (Беларусь) айыл-чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүкө өнүгүүсүнүн факторлору катары ири товардык айыл-чарба өндүрүшүнүн, натыйжалуу мамлекеттик айыл-чарба товар өндүрүүчүлөрүн колдоо жана азык-түлүктү импорттук алмаштыруунун мамлекеттик программасын иш жүзүнө ашыруунун өнүгүшү артыкчылык кылат.

5. Азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн туруктуу жана стабилдүү чечүү экономиканын агро өнөр жай секторунун жетишкен деңгээлинин үзүлбөгөн байланышына, учурдагы ишмердүүлүк жана стратегиялык байланыштарды түзүүгө негизделет, мына ошондуктан автор тарабынан талап жана сунуштун келечектеги тенденциясын анализдөөгө негизделген кээ бир стратегиялык жолдор, азык-түлүк секторунун өнүгүүсүнүн божомолдук маалыматы, о.э. азык-түлүк товарларын өндүрүүчүлөрү жана керектөөчүлөрүнүн жүрүм-турумун таануу иштелип чыкты.

6. Кыргызстан азык-түлүк менен камсыз кылууда көбүрөөк импорттук көз каранды болуу менен, айыл чарба өндүрүшүнүн туруктуу эмес өнүгүү көйгөйүн шарттады. Ички азык-түлүк рыногунда жыл сайын импорттук дандын, эттин, канттын, өсүмдүк майынын үлүшү көбөйүп жатат. Кыргызстанда экспорттук-импорттук кыймылдарды кайра форматтоо жүрүп жатат, ЕАЭБ өлкөлөрүндөгү үлүш азайып, алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү өсүп жатат.

Жалпысынан Кыргызстандын ЕАЭБ өлкөлөрү менен агро продукциясынын соода айлануусунун терс сальдосунун өсүшү, алыскы чет өлкөлөрүнөн азык-түлүктүн импортунун өсүү тенденциясынын күчөшү өлкөнүн агро азык-түлүк продукцияларынын сырткы соодасынын өсүп жаткан балансталбашын айгинелеп турат. Мына ошондуктан автор импорттук алмашуунун кээ бир чараларын сунуштайт да бул азык түлүк коопсуздугунун коркунучун басаңдатууга оң таасирин тийгизет.

7. Экономикалык интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу ар бир өлкөнүн прерогативи болуп саналат, ошондуктан бул процессти мамлекеттик жөнгө салуу өтө маанилүү иш-чаралардан болуп эсептелет. Мына ошондуктан азык-түлүк коопсуздугуна жетүү максатта азыраак чыгымдар жана региондордун атаандаштык артыкчылыгын жана рыноктук механизмдерди колдонууга автор өлкөнүн АӨК тун потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу колдонууга, ЕАЭБ мүчө-өлкөлөрү жана башка өлкөлөр ортосунда кооперацияны натыйжалуу уюштурууга акцент кылат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫККА ЧЫККАН ИШТЕРДИН ТЕЗМАСЫ:


1.Момунов У.Н. Кыргызстандын айыл-чарба тармагында жаратылышты уномдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык койгойлору [Текст] / Момунов У.Н. // Известия ОшТУ.– 2010. - №1. –С.192-195.

2.Момунов У.Н. Финансовый анализ в системе управления и оценки деятельности предприятия по МСФО [Текст] / Момунов У.Н. // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына. – 2012. - № 4. –С.311-315

3.Момунов У.Н. Кыргыз Республикасында азык-тулук коз карандысыздыгы койгойу [Текст] / Момунов У.Н., Абдиев М.Ж. // Экономика. – 2014. - №4 (22). –С.63-65.

4.Момунов У.Н. Повышение конкурентоспособности агропромышленного комплекса Кыргызстана на основе кластерного подхода [Текст] / Момунов У.Н., Батыр уулу А. // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2014. - №10. –С.161-164.

5.Момунов У.Н. Проблемы и перспективы обеспечения продовольственной безопасности Кыргызстана [Текст] / Момунов У.Н. // Материалы международной научно-практической конференции «Проблемы агропромышленного комплекса в условиях развития интеграционных процессов».- Алматы,2014. - №3. –С.98-100.

6.Момунов У.Н. Продовольственная безопасность в Кыргызской Республике в условиях развития интеграции [Текст] / Момунов У.Н. // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2015. - №3. –С.98-100.

7.Момунов У.Н. Развитие аграрного сектора Кыргызской Республики в условиях выступления в Евразийский экономический союз [Текст] / Момунов У.Н., Джаилов Д.С., Кожомкулова А.К. // Вестник КЭУ. – 2015. - №2 (32). –С. 27-31.

8.Момунов У.Н. Региональные факторы конкурентоспособности аграрного сектора Кыргызстана в условиях интеграции [Текст] / Момунов У.Н. // Проблемы агрорынка.- Алматы, 2015. - №2. –С.32-36.

9.Момунов У.Н. Перспективы участия Кыргызской Республики в продовольственном рынке Евразийского экономического союза [Текст] / Момунов У.Н., Абдиев М.Ж., Батыр уулу А. // Наука.Образования.Техника.– 2015. - №2. –С.157-160.

10.Момунов У.Н. Состояние и перспективы развития агропродовольственного сектора Кыргызской Республики в условиях ЕАЭС [Текст] / Момунов У.Н., Ташбаев А.М., Батыр уулу А // Экономика и предпринимательство.-Москва, 2016. - №3 (ч.1). –С. 384-389.

11.Момунов У.Н. Внешная торговля агропродоволственной продукцией в Кыргызстане в условиях ЕАЭС [Текст] / Момунов У.Н. // Экономика и предпринимательство. –Москва, 2016. - №7 (ч.1). –С.145-149.

12.Момунов У.Н. Совершенствование механизмов государственного регулирования агропродовольственного рынка в условиях ЕАЭС [Текст] / Момунов У.Н. // Проблемы экономики и менеджмента.-Ижевск, 2016. - №8 (60). –С. 76-82.

13.Момунов У.Н. Импортозамещение и сбалансированность внешней торговли агропродовольственной продукцией [Текст] / Момунов У.Н. // Проблемы экономики и менеджмента.-Ижевск, 2016. - №7 (59). –С. 59-65.

14. Момунов У.Н. Перспективы развития и повышения конкурентоспособности АПК Кыргызстана в условиях интеграции [Текст] / Момунов У.Н., Джаилов Д.С., Мардалиева Л // Материалы международной научно-практической конференции «Проблемы развития и повышения конкурентоспособности экономик в многополярном мире»-Бишкек, 2016г-С.143-147

15. Момунов У.Н. Концептуальные подходы обеспечения национальной продовольственной безопасности КР в условиях Евразийской интеграции/ Момунов У.Н., Абдиев М.Ж., Эргешов К..// Реформа-2017.-№1 (73)– С.8-12.




**Момунов Уметбек Насирдиновичтин 08.00.05-экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Интеграциянын терендеши шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун механизмдери (КыргызРеспубликасынын материалдарында)» деген темада даярдаган диссертациясынын**

### РЕЗЮМЕСИ


**Ачкыч сөздөр:** азык-түлүк коопсуздугу, улуттук азык-түлүк коопсуздугу, агроазык-түлүк сектору, экономикалык интеграция, сырткы соода, агроазык-түлүк рыногун мамлекетик жөнгө салуу.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп интеграциялык байланыштардын терендеши шартында Кыргызстан жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн агроазык-түлүк секторунун өнүгүүсү жана азык-түлүк коопсуздугунун денгээлинин абалы эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун экономикалык механизмдери саналат.

**Изилдөөнүн максаты:**Кыргыз Республикасынын ЕАЭБжана башка өлкөлөрүнүн алкагында интеграциянын терендеши шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун механизмдерин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Коргоого алынып чыгуучу жүргүзүлгөн изилдөөнүн илимий жыйынтыктары: республиканын чет өлкөлөр, анын ичинде ЕАЭБ өлкөлөрү менен интеграциянын шартында азык-түлүк коопсуздугун чечүүнүн концептуалдык жолдору теориялык жактан негизделди; өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун принциптери жана механизмдерине тактоолор киргизилди; азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун практикасын байытуу максатында чет өлкөлүк тажрыйбалар изилденди жана аны Кыргыз Республикасынын шартында колдонуу жолдору көрсөтүлдү; Кыргызстандын жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн агро азык-түлүк секторунун өнүгүшү жана азык-түлүк коопсуздугунун денгээлине комплекстүү баа жүргүзүлдү, азык-түлүк коопсуздугу маселелерин чечүүнүн мүнөздүү тобокелдери жана багыттары аныкталды; азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун стратегиялык жолдору аныкталды; евразиялык интеграциянын өнүгүүсү шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун мамлекеттик жөнгө салуунун механизмдерин өркүндөтүү жана моделдештирүү боюнча сунуштар иштелип чыкты.

**Илимий изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык иште интеграциялык байланыштардын өнүгүүсүнүн шартында өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу маселесин натыйжалуу чечүүгө дуушар кылган теоретикалык жана практикалык сунуштар негизделди. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында өзүнчө сунуштар азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун региондук пргграммаларын түзүүдө колдонууну тапты. Изилдөөнүн жыйынтыгы КРнын айыл чарба жана мелиорация министрлиги тарабынан ЕАЭБдин толук кандуу иштөөсүнүн шартына улуттук экономиканын адаптациясынын өткөөл мөөнөтүнүн шартында агро азык-түлүк секторунун өнүгүүсүнүн стратегиясын түзүүдө жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн экономикалык мааниси.** Интеграция шартында өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун илимий жолдору кенейтилди, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн агро азык-түлүк секторунун өнүгүшү жана азык-түлүк коопсуздугунун денгээлин, потенциалдуу тобокелдерди, коркунучтарды жана агрардык сектордун интеграциясында көрсөтүлгөн маселелерди чечүү үчүн он аспекттерин баалоо жүргүзүлдү. Алынган илимий-практикалык жыйынтыктар АОК адистерин окутуу жана квалификациясын жогорулатууда, о.э. мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун программасын түзүүдө колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертационной работы Момунова Уметбека Насирдиновича на тему «Механизмы обеспечения продовольственной безопасности в условиях углубления интеграции (на материалах Кыргызской Республики)» представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** продовольственная безопасность, национальная продовольственная безопасность, агропродовольственный сектор, экономическая интеграция, внешняя торговля, государственное регулирование агропродовольственного рынка.

**Объектом исследования** является состояние развития агропродовольственного сектора и уровня продовольственной безопасности Кыргызстана и стран ЕАЭС в условиях углубления интеграционных связей.

**Предметом исследования** выступают экономические механизмы обеспечения продовольственной безопасности в условиях интеграции.

**Целью исследования** является разработка механизмов обеспечения продовольственной безопасности Кыргызской Республики в условиях углубления интеграции в рамках ЕАЭС и другими странами.

**Научная новизна исследования**. Наиболее существенные научные результаты проведенного исследования, выносимые на защиту: теоретически основаны концептуальные подходы решения продовольственной безопасности республики в условиях ее интеграции с зарубежными странами с акцентом на страны ЕАЭС; внесены уточнения в принципы и механизмы обеспечения продовольственной безопасности страны; с целью обогащения практики обеспечения продовольственной безопасности изучен зарубежный опыт и возможности его применения в условиях Кыргызской Республики; проведена комплексная оценка развития агропродовольственного сектора и уровня продовольственной безопасности Кыргызстана и стран ЕАЭС, выявлены характерные риски и направления решения вопросов продовольственной безопасности; определены стратегические подходы обеспечения продовольственной безопасности; разработаны предложения по совершенствованию механизмов государственного регулирования и моделирования обеспечения продовольственной безопасности в условиях развития евразийской интеграции.

**Практическая значимость диссертационного исследования**. Отдельные рекомендации по результатам проведенного исследования уже нашли применение в ходе разработки региональных программ обеспечения продовольственной безопасности. Результаты исследования могут быть использованы Министерством сельского хозяйства и мелиорации КР при разработке стратегии развития агропродовольственного сектора и обеспечения продовольственной безопасности страны в условиях переходного периода адаптации национальной экономики к условиям полноценного функционирования в рамках ЕАЭС.

**Экономическая значимость полученных результатов заключается** в том, что расширены научные подходы в обеспечении продовольственной безопасности страны в условиях интеграции, проведена оценка развития агропродовольственного сектора и уровня продовольственной безопасности стран ЕАЭС, потенциальных рисков, угроз и положительных аспектов для решения указанных вопросов при интеграции аграрного сектора. Полученные научно -практические результаты могут быть использованы в процессе обучения и повышения квалификации специалистов АПК ,а также органами государственного управления при разработке программ обеспечения продовольственной безопасности.





**SUMMARY**

**on dissertation of Momunov Umetbeka Nasirdinovicha on "Mechanisms to ensure food security in the conditions of deepening of integration (on materials of the Kirghiz Republic)" submitted for the degree of candidate of economic sciences on specialty 08.00.05 - economics and management of national economy**

**Keywords:** food security, national food security, agri-food sector, economic integration, foreign trade, government regulation of the agri-food market.

**The object of research** is the state of development of the agri-food sector and food security in Kyrgyzstan and EAEC countries in the conditions of deepening of integration relations.

**The subject of research** are the economic mechanisms to ensure food security in the context of integration.

The aim of the study is to develop a food security mechanisms of the Kyrgyz Republic in the conditions of deepening integration within the EAEC and other countries.

**Scientific novelty of research.** The most significant scientific results of the research for the defense: theoretically based conceptual approaches of solving the food security of the country in terms of its integration with other countries with a focus on the EAEC countries; made adjustments in the principles and mechanisms for ensuring food security of the country; to enrich the food safety practices studied foreign experience and its application opportunities in the Kyrgyz Republic; carried out a comprehensive evaluation of the development of the agri-food sector and the level of food security of Kyrgyzstan and EAEC countries identified specific risks and ways of solving the issues of food security; cstrategicheskie determined approach to ensure food security; developed proposals to improve the mechanisms of state regulation and modeling of food security in the conditions of development of the Eurasian integration.

**The practical significance of the research.** Specific recommendations on the results of the study have already found application in the development of regional food security programs. Results of the study can be used by the Ministry of Agriculture and Land Reclamation of the Kyrgyz Republic in the development of strategy of development of the agri-food sector and to ensure food security during the transition period to adapt the national economy to the conditions of full operation in the framework of the EAEC.

**The economic significance of the results** is that the expanded scientific approaches to food security of the country in terms of integration, assess the development of the agri-food sector and food security EAEC countries, potential risks, threats and positive aspects to address these issues in the integration of the agricultural sector. Scientific and Practical obtained results can be used in the process of learning and development professionals agribusiness and governments to develop food security programs

Басууга кол коюлду 26.10.2017г.
Көлөмү 1,7 п.л. Форматы: 60x84 1/16.
Нускасы 100 даана Буйрутма № 05287

Ош ТУнун РББ басып чыгарылды,
Ош ш., Исанов көчөсү, 81.